УДК 821.512.154
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-254-257

**МУСАЕВА Ж.К.**
К. Карасаев атындагы БМУ
**МУСАЕВА Ж.К.**
БГУ имени К. Карасаева
**MUSAEVA J.K.**
BSU named after K. Karasaev

ORCID: 0009-0009-2308-1409

# ЗАМАН ЧЫНДЫГЫНЫН А.ӨМҮРКАНОВДУН ПОЭЗИЯСЫНДА ОРУН АЛЫШЫ

## МЕСТО РЕАЛЬНОСТИ ВРЕМЕНИ В ПОЭЗИИ А. ОМУРКАНОВА

## THE PLACE OF THE REALITY OF THE TIME IN A. OMURKANOV'S POETRY

**Кыскача мүнөздөмө:** Кыргыз Республикасынын эл акыны, КР Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, III даражадагы «Манас» орденин ээси Анатай Өмүркановдун поэзиясына баа берүүдө чынчылдыгына, маанисинин тереңдигине жана салмактуулугуна өзгөчө басым жасалат. Акындын ырларынын көбүндө замандын чындыгы, терс көрүнүштөрү бурмаланбай, жумшартылбай, так, даана жана курч берилген. Макалада ушул багытта жазылган ыр жыйнактарындагы ырлары, андагы мезгилдин көйгөйлөрүнүн сүрөттөлүшү тууралуу сөз болот.

**Аннотация:** В поэзии народного поэта Кыргызской Республики, лауреата Государственной премии им. Токтогула, обладателя ордена «Манас» III степени Анатая Омурканова особое внимание уделяется честности, глубине смысла и содержательности. В большинстве его стихов правда времени, негативные явления передаются прямо, четко и остро, без сглаживания и искажения. В статье рассматриваются сборники стихов, написанные в этом направлении, и показ в них проблем эпохи.

**Abstract:** In the poetry of Anatay Ömürkanov, People’s Poet of the Kyrgyz Republic, laureate of the Toktogul State Prize, and recipient of the “Manas” Order of the 3rd degree, particular emphasis is placed on sincerity, deep meaning, and gravity. In most of his works, the truth of the era and its negative aspects are conveyed directly, clearly, and sharply – without distortion or softening. This article discusses poems from his collections that illustrate these themes and depict the problems of the time.

**Негизги сөздөр:** поэзия; заман; жанр; чындык; коом; турмуш; жыйнак; тема.
**Ключевые слова:** поэзия; время; жанр; правда; общество; жизнь; сборник; тема.
**Keywords:** poetry; time; genre; truth; society; life; collection; theme.

Поэзия адабият түрлөрүнүн ичинен өзгөчөлөнгөн жанр десек болот. Анда адамзаттын ой-тилеги, санаасы, айрыкча адам баласынын жеке жашоосу же жалпыга тиешелүү кандайдыр бир курч кырдаал ыргакка салынып, көркөмдөлүп, ыр түрүндө иштелип чыгат. Ошондой эле ошол учурдун чындыгын чагылдырууда мезгил менен кошо активдүүлүгүн көрсөтүп келе жатат. Заман чындыгын кыргыз адабиятында тээ баштан эле бир топ акындар ыр менен ыргакка салып айтып келишкен. Өлкөдө кайра куруу мезгилинде ачык айтуу саясаты курчуп, күчөп турганда да поэзия өз милдетин аткара алды. Кыргыз адабиятында ошол учурдун оң жана терс жактарын, айрыкча жетекчилердин кемчиликтерин ачык-айкын айткан акындардын бири Анатай Өмүрканов болду.

«Мөлтүр сезим» аттуу алгачкы ыр жыйнагы менен элге белгилүү болгон акын Анатай Өмүркановдун алгачкы ырлары эл-жерди сүйүү, махабат, эне, Мекенге болгон сагыныч өңдүү темалар болсо, эгемендүүлүк жылдары жазылган ырларында элдин аң-сезимине таасир берген коомчулуктагы терс жактарды таамай айткан, нравалык жактан тарбиялоо максатында жаңы темалар орун алды. Мындай багытта «Күндөгү так», «Асмансыз жылдыздар», «Тушалган чагылган» аттуу жыйнактарында өткөөл заман тууралуу бетке чабар, курч ырлары элге жетип, колдоо тапкан.

«Күндөгү так» жыйнагында «Көңүл көйгөйү», «Тарыхый ырлар», «Жүрөк күүсү», «Арзуу ырлар» деген бөлүмдөр жана баштагы жыйнактарынан тандалып алынган ырлары, обондуу ырлары жана «Ак Мактым» поэмасы орун алган.

Жүрөктөрдү зил аралаш
Капкара так
Күнгө карап
Күчөп барат
Күндөгү так...
Азайгандан элге деген
Ниети ак
Күчөп барат
Күндөгү так...
Күндөгү так,
Күндөгү так
Күн санап көбөйбөчү
Айыкпас жара сымак. [7, 33-б.]

Бул саптарда «күндөгү так» өтмө мааниде берилүүдө. Элибиз илгертеден жаратылыш кубулуштарына, айлана-чөйрөгө өзгөчө көңүл буруп, алар менен тыгыз байланышта жашап, жаратылышка аяр мамиле жасашкан. Жаратылыш кубулуштары менен эртеңки күндү болжолдоп билишкен. Алсак, айдын жаңырганына карап аба-ырыйынын кандай болоорун божомолдогон. Күн бетиндеги так дагы кандайдыр бир жаманчылыктын, кырсыктын белгиси катары кабыл алынган. Акын ырында ошол учурдагы саясий адилетсиздик күчөп, эл башчылардын элге болгон ак ниети азайып баратканын жамандыктын белгиси катары баалап, күндүн бетиндеги так катары салыштырып берген. Бул аталыш боюнча өзү мындай деген: «Ар бир жыйнак акындын, акын жашаган мезгилдин балдары, ошон үчүн ага атты акын өзү койгону оң. Күндө так бар – деп илимий изилдөөлөр жазып жүрүшөт, бирок жыйнактын аты ал эмес жердеги жашоо, жердеги замандын күнү жөнүндө «кайдан түштү укмуш чагылган» демекчи, төлү эгиз, телегейи тегиз болуп, бай-кедейи билинбеген пейили алпейим, кой үстүндө торгой жумурткалаган заманда эркиндиктин жоолугун бетине калкалап чыныгы жүзүн жашырган бүгүнкү каардуу, таш боор замандын ушу күнгө калтырган тагы жөнүндө болуп жатат. Асман – бул Көк, Теңири, Кудай. Кой терисин жамынган адилетсиз замандын жүрөккө, мезгилге калтырган тагы – ошо асманын, Теңирин, Кудайын, Манасын унуткандан болуп жатат, биз ошондой опоосуз жылдарда жашап жатабыз, ошого өзүмдүн атуул катары, акын катары көз карашымды билдирейин дегендеги кербезим. Чыны ошол». [1]

Анатай Өмүрканов жасакерленгеди жактырбаган, чындыкты бетке айткан акын экенин окурмандар да, адабиятчылар да баса белгилеп келет. Ал өзүнүн жеке адамдык тагдырынан элдин тагдырын жогору коюп, эч кимден коркпой, тайманбастан «Кыргыздын биринчи президенти А.Акаевге», «Хан аз күлөт дечү эле», «Ушул күнгө ким апкелди?», «Улуң кайда?» деген курч, публицистикалык мүнөздөгү ырларында кемчиликтерди ачык эле сындап жазган.

Күнөө кимде: керкидеби, кемиктеби?
Кедейленди келберсиген элдин теңи.
Ушунча бийлик туруп сен билбесең,
Мафияңды карапайым эл билеби?! [7, 28-б.]

Чындыгында, Анатай Өмүрканов мурда да, кийин да саясатка ыкташып, бийликтин ырын эч качан ырдаган эмес:

Кыймылдатып турган кезде кылымды,
Оозуңдан жулуп алып ырыңды,
Ташын талкан кылып кете береби
Төрт-беш киши жана МВД, КГБ
Ким өчүрсө адилеттик чырагын,
Жан учуруп жалаңдатса чырагын.
Кашайгырга каршылыгым көрсөтүп,
КПССтин катарынан чыгамын – [7, 33-б.]

деп, ашык сөз сүйлөтпөй бир гана коммунисттик идеологиянын жетеги менен боло берсе, ашыкча эле тыя берсе партиядан да чыгып кетүүдөн кайра тартпастыгын ачык айткан.

Базар экономикасы деген түшүнүк кенен жайылып, анын аркасы менен жүргүзүлүп жаткан туура эмес саясаттын айынан элдин жакырланып, оор турмушту башынан өткөрүп жатканына түздөн-түз бийлик башындагы адамдар күнөөлүү деген ойлорун «Канталамай», «Айлык жетпейт», «Эх, элим, ай», «Кайырчылар», «Тилемчи» ж.б. ырларында «Күйгөндөн айтам бир сабак» деген көлөмдүү термесинде кенен баяндаган.

«Канталамай» деген ырында:

Башынан сасып кирген балыкка окшоп,
башталды жогор жактан
канталамай,
канталамай,
канталамай
бийликке эптеп жетер менен
эки жагын эч карабай,
Хеменгуэй чоң балыгын бир заматта,
Талап кеткен үйүр-үйүр акуладай.
талашууда казынаны…
канталамай, канталамай» – деп, эл башчылар жана алардын жакындары

карапайым элди ойлобой мамлекттин мүлкүн талап-тоноп, эч нерсе болбогондой жыргап жүргөнүн ал эми жаштардын келечеги туңгуюк болуп турганын элестүү сүрөттөп берген. Мындай темадагы дагы бир ырында «рынок» деген түшүнүктү, капиталисттик коомду эч жактырбаганын мындайча айткан:

Кутурган иттей
Тилин салаңдаткан,
алдуусу алы жогун канжалаткан
Эсти оодарып жардан чыга калгансыган
эшикте жинди рынок, акмак заман...

Куюнга куюлушуп, зуу-зуу учуп кетким келет көз көрбөгөн алыс жакка заман издеп мындан башка, мындан таза. [7, 77-б.]

Акын элдин ичиндеги кээ бир жасакерлердин, өз максатына жетүү үчүн айлакер адамдардын жоруктарын бийликтегилерди кандай сындаса дал ошондой ал адамдарды да сындап жазган:

Башкарма боло калса айлыбыздан,
Күн-түндөп арыз жазып түшүрүшүп,
Келишсе башкармалар башка жактан
Айылым тосуп алат жүгүнүшүп...
А бийлик кылбайт айтчы эмнелерди?!
Директор болуп бир кез өзбек келди.
Айылым унутуп салып кыргызчаны
Бир жылда сүйлөп кетти өзбекчени... [6, 43-б.]

Бул туурасында адабиятчы К. Артыкбаев мындай деген: «Белгилүү акын Анатай Өмүрканов «Айылдаштарыма» деген ырында кемчиликтердин кетип жаткандыгына жетекчилер бир эсе күнөөлүү болсо, жумурай журттун, көпчүлүктүн өзү андан көбүрөөк күнөөлүү экендигин эң сонун элестетип, эгерде эл, масса мансапка кошоматтанып ээрчип кетпей ак, караны ажыратып, биригип ынтымакта туруп жетекчинин кемтигин ачык айтып оңдоп турса, анда терс көрүнүштөр азыраак болор эле деген тыянакка келүүгө окурманды мажбурлайт». [2, 572-б.]

Ушинтип жасакерленгенден көрө ачка калсаң да Адам деген бийик сапатты сактап калуу керектигин «Жардам» деген ырында чечмелеп берген:

Жардам сурап жалдыраба эч убакта
күнүң өтпөй калса да.
Жалдыраба, Жалдыраба!
Андан көрө
Намысыңды
түйүп алып муштумдай,
үмүтүңдү жарык кылып уч тынбай... [5, 384-б.]

Бул ырында кимдир бирөөгө жагалданып, кара курсакты тойгузуп, элде өйдө жашагандан көрө ак эмгек менен күн көргөн артык экенин, ал эми сатып алган атак-даңкты күзүндө түшкөн жалбыракка салыштырган. «... Сен – Адамсың! Ошондуктан өзүңө-өзүң жардамсың!», – деп ак эмгек менен гана баар таап, Адам бойдон калуу негизги идеясы катары берилген.

Өлкөдө ар кыл багытта жүргүзүлүп жаткан реформалардын «реформа» делинип чындыктын, нарктуулуктун тескери бурмаланып жатканына жаны ачыган, ал чындык үчүн күрөшкөн, анын «акындыгы» бул чындыкты айтуу:

Чыгып кетсе, чыгып кетсин чымын жан,
Чындык үчүн чыңырганым чыңырган.
Акындыгым сокур тыйын бүгүнкү
Мезгил күүсү билинбесе ырымдан
Канча акындар калк деп көзү жумулган,
Калыстык деп жулунганым жулунган.
Баатырдыгым кокон тыйын эртеңки
Кечээгилер көрүнбөсө ырымдан.

А. Өмүркановдо «заман» темасы замандын кыйынчылыгын курч чагылдыруу менен айырмаланып турат. «Асмансыз жылдар» (2001) деген ырлар жыйнагында «Кандагы кыйкырык» деген бөлүмдү акын бүт бойдон замандын көйгөйүнө арнайт. Андагы «Кыргыз», «Төрт куурчак жөнүндө», «Дүжүр чалдар», «Түнкү кобур», «Кайырчы», «Базардагы кыргыз балдар», «Кемпай», «Эл куту», «Кандагы кыйкырык» жана башка ырларында эгемедүүлүк алып, өз алдынча эркин мамлекет болгондон кийинки кыйын кырдаал, оор жагдай рынок шартынын татаалдыгы, карапайым элдин кыйын турмушу ж.б. замадын ар кыл көйгөйү түрдүү ыкма менен ачылган.

Ал эми «Тушалган чагылган» деген жыйнагындагы «Ит багып алган кыргызга», «Өзүңдү ойлоп», «Күл болот жерим күйбөгөн», «Алдамчы кайырчылар» өңдүү ырларында ошол учурдун социалдык абалын, андагы аракечтик, сойкулук, тирүүлөй жетим калган балдардын тагдыры дагы ушул сыяктуу терс көрүнүштөргө жаны кейийт. «Турмуш чындыгын коом турмушун көрсөткөн адабият заман маселелерине жана талаптарына жооп берүүгө умтулбай койбойт, ошондуктан заман талабына жооп берген адабият гана тарыхка баалуу салым болуп кире алат». [3, 84-б.] – деп, адабиятчы М. Борбугулов белгилегендей, акын Анатай Өмүркановдун ырлары чындыкты тайманбай айтуу менен өзгөчөлөнүп, адабиятыбыздын казынасына өз салымын кошо алды.

**Колдонулган адабияттар**


1. Акын – мезгилдин кардиограммасы // Кыргыз Руху, 2004, № 30.
2. Артыкбаев К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. – Бишкек, 2004.
3. Борбугулов М. Адабият теориясы. – Бишкек, 1996.
4. Исаева С. Азыркы кыргыз поэзиясы тууралуу этюддар. – Бишкек, 2013.
5. Кыргыз адабияты (Антологиясы). Поэмалар, ырлар. VIII. – Бишкек, 2012.
6. Өмүрканов А. Жанкисе. – Фрунзе: Адабият, 1991.
7. Өмүрканов А. Күндөгү так. – Бишкек: Кыргызстан, 1995.
8. Өмүрканов А. Асмансыз жылдыздар. – Бишкек, 2001.
9. Өмүрканов А. Тушалган чагылган. – Бишкек, 2005.


**Рецензент: филол.и.д-р, профессор Асакеева Д.Ж.**